**УДК 159.92**

***Калыгулова И. Т.***

*Калыгулова Инаят Тургуналиевна – окутуучу, ОшМПУ*

# 5ТЕН 6ГА КАРАГАН КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН ЭРКТИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ СИЛЫ ВОЛИ У ДЕТЕЙ 5-6 ЛЕТ

# FEATURES OF WILLPOWER IN CHILDREN 5-6 YEARS OLD

***Аннотация:*** *Бул макалада 5-6га караган балдардын бири-биринин таасири астында пайда болуучу түздөн-түз эмоцияларга акырындык менен ээ боло баштайт. Бала өзүн кармай билүүнү үйрөнүп, оюн билдирүүнүн негизинде (жаңсоо, кыймыл, көз караш, үндүн интонациясы менен ж.б.) баланын эрки өнүгө баштайт: өз каалоосун чектөө, белгилүү бир максатты коюу, ал максатка жетүүдөгү тоскоолдуктарды жеңүү менен өз кылганына туура баа берүү керек. Бул курактагы балдардын гумандуу сезимдерин жана боорукерлик, сезимталдык, адилеттүүлүк жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандырып, жакшылык, жамандык, баатырдык, коркоктук, токтоолук жана бой көтөрүүчүлүк жөнүндөгү түшүнүктөрүн жоюу менен адамдарга аяр мамиле жасоого, ыза-кайгысын, өкүнүчүн, кыйналуусун байкай билүүгө жардам берүүгө, алсыздарды коргоого тарбиялоо керек.*

***Аннотация:*** *В этой статье дети 5-6 лет постепенно начинают приобретать непосредственные эмоции, возникающие под влиянием друг друга. Ребенок учится владеть собой, и на основе выражения своих мыслей (жестами, движениями, взглядом, интонацией голоса и т. д.) у ребенка начинает развиваться воля: ограничивать свое желание, ставить конкретную цель, правильно оценивать свои действия, преодолевая препятствия на пути к достижению этой цели. Формировать у детей этого возраста гуманные чувства и представления о доброте, чуткости и справедливости, ликвидировать представления о добре, зле, героизме, трусости, воздержанности и высокомерии, чутко относиться к людям, помогать им замечать свое печаль, сожаление и страдания, чтобы защитить слабых, должны быть образованы.*

***Annotation:*** *In this article, children aged 5-6 gradually begin to acquire direct emotions that arise under the influence of each other. The child learns to control himself, and on the basis of expressing his thoughts (by gestures, movements, gaze, intonation of the voice, etc.), the child's will begins to develop: to limit his desire, to set a specific goal, to correctly evaluate his actions by overcoming obstacles to achieving that goal. need to. To form the humane feelings and concepts of kindness, sensitivity, and justice in children of this age, to eliminate the concepts of goodness, evil, heroism, cowardice, temperance, and arrogance, to be sensitive to people, to help them to notice their sadness, regret, and suffering, to protect the weak. must be educated.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Эрк, бала, сезим, тарбиячы, аң-сезим, жүрүм-турум, эмоция.*

***Ключевые слова:*** *Сила воли, ребенок, чувства, воспитатель, сознание, поведение, эмоция.* ***Key words:*** *Willpower, child, feelings, educator, consciousness, behavior, emotion.*

Эрк ички жана сырткы кыйынчылыктарды жеңүүдө адамдын жүрүм-турумду, иш-аракеттин аң-сезимдүү багыттап жөнгө салат. Эрктин пайда болушунда активдүүлүктүн дэңгээли өтө маанилүү.

Ички сырткы кыйынчылыктарды жеңүүдө жүрүм-турумду аң-сезимдүү башкаруу менен мектеп жашына чейинки балага калыптандыруу керек. Бул куракта жүрүм-турумду аң-сезимдүү башкарууда эрк аракеттери өнүгүп өзгөрүп турат.

И.П.Павлов өз эмгегинде аныктагандай эрк аракеттери рефлектордук мүнөзгө ээ болуп, жогорку нерв ишмердүүлүгүнүн иши менен жөнгө салынат. Психологдор А.А.Люблинская, А.В.Запорожец, В.С.Мухина ж.б. балада эрк аракеттеринин өнүгүүсүндө анын өз ара байланыштуу үч жагын белгилеп айтышкан.

- Биринчиден: аракеттердин максаттуу багытталышы:
- Экинчиден: аракеттердин максаты менен алардын мотивинин ортосунда мамилени белгилөө:
- Үчүнчүдөн: аракеттерди аткарууда речтин жөнгө салуучу ролу артат деп белгилешкен.[1].

Мында бул куракта биринчи жолу ишмердүүлүктүн эмгек жана окуу сыяктуу элементтери маанилүү ролду ойноп балдар колунан келген ишин такай аткарууга жөндөмдүү келип аткарып калышат. Башкаларга пайдалуу иш жасоого умтулуу менен коомдук эмгектин таасири көбүрөөк маанилүү болуп бул куракгагы баланын өзүнүн жүрүм-турумун башкаруу деңгээли жогорулап өнүгөт. Бул болсо баланын чоңоюшуна бардык жактан оң таасирин тийгизет. Айрыкча окуу ишмердүүлүгүнө өбөлгө түзүп өз жүрүм-турумун башкаруу менен маанилүү орунду ээлейт. 5-6 жаштагы балага тарбиячынын койгон тапшырмасынын маанисин түшүнүп, аткарып багытталган көрсөтмөнү өз алдынча аткарып анын негизинде баланын мүмкүнчүлүгү кеңейе баштайт. Өз жүрүм-турумун башкарып баланын көңүл буруусуна, эске тутуусуна, ойлоосуна жардам берет. Бул куракта баланын көңүл буруусу бир топ туруктуу болуп, өз алдынча эстеп калуу жөндөмдүүлүгү калыптанып ырларды, тексттерди, сандарды жаттоо менен балдар аларды кайталап калышат. Эркин эстеп калуунун өнүгүшүнө күндөлүк иштердин мааниси (оюн үчүн бир нерселерди эстеп калуу, тарбиячынын тапшырмасын аткаруу менен, чоңдордун талабын аткаруу үчүн ж.б.у.с.) өтө чоң көмөк көрсөтөт.

Баланын чоң кишилер менен болгон карым-катнашынын (байланышынын) негизинде өз ара бири-бирин түшүнүүгө, өзүнүн жеке сапаттарынын жана кылык-жоруктарын үйрөнүп таасирин тийгизет. Чоңдор менен сүйлөшүүнүн негизинде ар кандай иштерди чогуу аткарып оюндар менен занятиелерде өз ара жардамдашып тапшырмаларды аткаруунун негизинде балдарда сезимдердин, эрктик жана моралдык сапаттар калыптанып андан ары өнүгүшү пайда болот.

Баланын башка балдар менен болгон өз ара мамилеси бир кыйла бекем болуп, туруктуулук менен мүнөздөлөт: өз ара бири-бирине жаккан жана дайыма чогуу ойногон балдардын чакан тобу (2-3бала) болушу керек, ошондо гана балдар бири-бирине сын көз менен карай баштайт. Айрым балдардын ортосундагы өз ара достук мамилелердин бекемделиши менен тайпанын ынтымак менен биримдиктин эң жөнөкөй формалары түзүлөт.

5-6га караган балдардын бири-биринин таасири астында пайда болуучу түздөн-түз эмоцияларга акырындык менен ээ боло баштайт. Бала өзүн кармай билүүнү үйрөнүп, оюн билдирүүнүн негизинде (жаңсоо, кыймыл, көз караш, үндүн интонациясы менен ж.б.) баланын эрки өнүгө баштайт: өз каалоосун чектөө, белгилүү бир максатты коюу, ал максатка жетүүдөгү тоскоолдуктарды жеңүү менен өз кылганына туура баа берүү керек. Бул курактагы балдардын гумандуу сезимдерин жана боорукерлик, сезимталдык, адилеттүүлүк жөнүндөгү түшүнүктөрдү, жакшылык, жамандык, баатырдык, коркоктук, токтоолук жана бой көтөрүүчүлүк жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу менен адамдарга аяр мамиле жасоого, ыза-кайгысын, өкүнүчүн, кыйналуусун байкай билүүгө жардам берүүгө, алсыздарды коргоого тарбиялоо керек.

Баланы айланасындагы адамдар менен жакшы мамиледе болуп өз теңтуштарына достук, жолдоштук мамиле жасоого тарбиялоо менен теңтуштарынын кылык-жоругуна өз мамилесин билдирип жана так туура баалооого, өз талаптарына, сунуштарына адилеттүүлүк кылууга үйрөтүү жана өзүнүн жүрүм-турумун туура баалоого калыптандырып өнүктүрүү керек.

Баланы биргелешкен оюндарда, эмгектенүүдө, көркөм ишмердүүлүктө жалпы бир максатты коюуга жана гумандуу, коллективчил багыттагы өз ара мамилелердин эрежелерин сактоо менен аны ишке ашырууга үйрөтүү менен анын адептүүлүк-эрк сапаттарынын негиздерин: жүрүм-турумдагы, мамилелериндеги жана жалпы иштериндеги уюшкандыкты, тартиптүүлүктү, өз алдынчалыкты, алдына койгон максатына жетүүдөгү жоопкерчиликти, туруктуулукту калыптандыруу керек[2].

Дүйнөгө белгилүү “Сони” коорпорациясын негиздөөчүлөрдүн бири, гениалдуу инженер, жапон атуулу Масару Ибуканын “ Үч жаштан кийин кеч” китебинен мисал келтирсем ал мындай деп айткан: Баланын эркин зордобоңуз.

Тарбия көпчүлүк учурда баланын каалоолорун эске албастан инсанды зордоо менен байланыштырылат. Албетте, бала өз каалоосун билдире албайт, бирок эне аны таанып биле алышы зарыл. Анын негизги иштеринин бири ушунда. Анын эркинен тышкары бир нерсени жасоого мажбурлап жатып анын өзүнө болгон ишенимин жок кыласыз. Билим берүү мугалимдин окуучуга билимдерди бере тургандыгынан улам, мугалимдин же тарбиячынын ролун аткаргандар өздөрү байкабастан ойлорун таңуулап калышат. Мындай өңүттөн алганда, менин оюмча, мыкты окутуу – биз билим берүү деп атаган нерсенин тышындагы нерселер. Мисалы, эч бир ата-эне балага эне тилин үйрөтүп жатам деп ойлобойт. Ошол эле мезгилде ата-эне менен болгон баарлашуу, билим берүү деп аталбаса да, баланын сүйлөөсүнө түрткү берет. Эненин тили, сезимдери, кылык-жоругу анын мүнөзүнүн жана жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптануусуна таасир этип, балага өтөт. Бир сөз менен айтканда, алардын баарлашуусунун өзү - бул “билим берүү”. Баланы ар кандай көндүмдөргө үйрөтүү – билим берүүнүн бир гана жагы. Качан гана балада эч кандай мажбурлоосуз бир нерсени жасоого каалоосу пайда болсо, ушул идеалдуу окутуу ыкмасы болуп саналат. Демек, мектеп жашына чейинки куракта өнүктүрүү эненин жана анын айланасындагылардын терең ойлоо жөндөмдүүлүгүнөн жана кунт коюусунан көз каранды экендигин көрсөтүп турат.

“Ушул дүйнөнүн улуулары” (сего) китебинин автору немис химиги Оствальд таланттар китептер жана шыктандыруу менен тарбияланат деп белгилейт. Улуу адамдардын ата-энелери аларга китептерди таңуулаган эмес – бала кезден баштап алардын айланасын китептер менен курчашкан. Алар балага: “Мен сенин улуу адам болушуңду каалайм”, – деп эч качан айтышкан эмес. Балага мындай деп айткан: “Сен улуу адам боло аласың, мен мындан күмөн санабайм”, – деп[3]. Мында биз балага мындай адам болосуң деп таңуулаганыбыз эч качан болбой турганын айгинелеп жатат.

Эрктин калыптануусу- ар жагдайга ылайык, баланын жеке өзгөчөлүгүн, курагын эске алып, тарбиянын ар кандай ыкмалары аракетттенүүнү талап кылган татаал жана узак процесс. Жогоруда мисалдарда көрсөтүлгөндөй балага дайыма эле кызыктуу иш сунуш кылуу аркылуу күчтүү эрк калыптанбайт. Бала аң-сезимдүү түрдө милдетин түшүнүү менен жоопкерчиликти да сезүү керек. Адамга эрк жаралганда эле кошо берилбейт, ал окуу-тарбия процессинин негизинде ошондой эле күнүмдүк тиричиликте калыптанат жана өнүгөт[4].

**Адабияттар:**


1. Жумалиева Ж., Асаналиева Б.У. Балдар психологиясы. Б-2014-ж. [162-бет]
2. Узакова А. Бала бакчада тарбиялоонун жана үйрөтүүнүн программасы. Фрунзе “Мектеп” 1989-ж [157-158-159-161-бет]
3. Масару Ибука. Үч жаштан кийин кеч. Которгон: Асылбек Жоодонбеков Б-2015ж [213214-бет]
4. Жумабаева Г.А. “Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык жана психологиялык аспектилери” Б-2009-ж[176-177-бет]
5. Чолпонкулова Н.Т., Камчыбек уулу М., Исакова Ч.Б. Б-2011-ж.